DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Тулкуева В.Т.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ҮЙ-БҮЛӨ УКУГУНУН КАЛЫПТАНУУ ТАРЫХЫ ЖАНА БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ ҮЙ-БҮЛӨ УКУГУНДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨР

*Тулкуева В.Т.*

# ИСТОРИЯ ФОРМИРОВАНИЯ СЕМЕЙНОГО ПРАВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРОБЛЕМЫ В СЕМЕЙНОМ ПРАВЕ СЕГОДНЯ

*V.T. Tulkueva*

# THE HISTORY OF THE FORMATION OF FAMILY LAW IN THE KYRGYZ REPUBLIC AND PROBLEMS IN FAMILY LAW TODAY

*УДК: 34.347.6*

*Бул макалада Кыргыз Республикасында үй-бүлө укугунун калыптанышы жана өнүгүшү тууралуу каралуусу менен бирге үй-бүлө түшүнүгү, нике түшүнүгү, алардын катышуучуларынын укуктары, алардын доорлорго карай өзгөрүшү жана бүгүнкү күндөгү абалы, жубайлардын укуктарынын пайда болушу, өзгөрүлүшү жана калыптанышы, бала багуу, асыроонун пайда болушу, жана бүгүнкү күндө асыроонун артыкчылыктары жөнүндө баяндалат. Демек, бүгүнкү кыргыз үй-бүлө укугунун институтунун түп тамыры үй-бүлө институтунун негизи болгон никенин, б.а. топтук жана жуптук никени ачуу менен байланышат, жана революциянын болушу менен үй-бүлө укугундагы көп укуктук мамилелерге өтө чон өзгөрүүлөр коштоп, гендердик тен укуктуулукка жол ачылган. Заман өзгөрүп, аны менен укук да ар түрдүү калчоолорго алынып отуруп бүгүнкү эгемендүү көз карандысыз мамлекеттин укугу түптөлдү.*

***Негизги сөздөр**: үй-бүлө, тарых, мыйзам, нике, мамлекет, эл, бала, жубайлар, укук, салт.*

*В этой статье рассматривается формирование и развитие семейного право в Кыргызской Республике. Дается понятие о семье, о браке, о правах молодежен, об их вековых изменеиях и состояниях на сегодняшиний день Говорится о возникновении прав супругов, изменении и формировании их отношений, о воспитании детей, о возникновении усыновления и об особенностях преимуществах усыновления в настоящее время. Поэтому основой настоящего кыргызского института семейного права института семьи был основан т.е. связывают с открытием брака групп и пар, с совершением революции семейном праве и во многих правовых отношениях были перемены. Изминилась время и в месте с этим право и во всех сферах укрепилось независимость страны.*

***Ключевые слова**: семья, история, закон, брак, государство, люди, ребенок, супруги, право, традиции.*

*This article examines the formation and development of family law in the Kyrgyz Republic. The concept of the family, marriage, the rights of young people is given, about their age-old changes and conditions today. It is said about the emergence of the rights of spouses, the change and formation of their relations, about the upbringing of children, the emergence of adoption and about the features of the advantages of adoption at the present time. Therefore, the basis of the present Kyrgyz institution of family law, the institution of the family was founded i.e. associated with the discovery of marriage groups and couples, with the revolution of family law and in many legal relations there have been changes. The time has changed and in place with this law and in all areas the country's independence has been strengthened.*

***Keywords:** family, history, law, marriage, state, people, child, spouse, law, traditions.*

Үй-бүлө – бул кичине мамлекет деп айтабыз. Үй-бүлө укугу качан жана кантип пайда болгон деген суроого жооп табуу үчүн адамдын жашоосунун үй-бүлөдөгү жашоо бүлүгүн аныктоо, андагы укуктук жагдайларына токтолуу керек. Бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасынын үй-бүлө укугунунун жана үй-бүлө мыйзамдуулугунун түп тамыры тээ тарыхтагы Орто Азия аймактарындагы жашап өткөн кыргыз урпактары эсептелген элдердин үй-бүлө укугуна токтолуу менен аныктоого болот.

Демек үй-бүлөнүн пайда болушун аныктоо үчүн үй-бүлөнүн негизги институту болгон никенин тарыхына токтолуу зарыл. Анда топтук нике жана жуптук никени кароого болот. Юридикалык илимде никенин жаратылышы ар түрдүү түшүндүрүлүп келген жана түшүндүрүлүп келүүдө Баарыбызга белгилүү, никенин эволюциясында коомдук тарыхий өнүгүшүнө жа-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



раша түрдүү өзгөрүп келген никенин бир канча формаларын кароого болот [1]. Мисалы, алгачкы общиналык коомдон баштап бүгүнкү күнгө чейинки аралыктагы топтук нике жана жуптук никенин коом өнүгүп, инсанияттын акыл эсинин өнүгүүсү менен укуктук жана салттык, адеп-ахлактык жөнгө салынышы.

Эреже катары нике үй-бүлөнүн негизи болуп эсептелет. Мамлекеттин укуктук жөнгө салуудагы кызыкчылыгы ушунда. Кыргызстан элинин Демократиялык кодексинде «нике байыртадан келген жана жашоодо өтө манилүү болуп, аял менен эркектин тагдырларын биригиши, ыйык үй бүлөлүк коломтону пайда кылуусу эсептелгендей толук кандуу үй-бүлө жарандык коомдун баалуулугун түзүп, суверендүү мамлекеттин руханий негизин түзөт [2].

Кыргыз Республикасынын мыйзамында «Нике-үй-бүлө күтүү максатында түзүлгөн, жубайлардын ортосундагы мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерин жарата турган, мыйзамда белгиленген тартипте тараптардын эркин жана толук макулдугу менен эркек жана аялдын ортосундагы тең укуктуу баш кошуусу» [3]. Эгер үй-бүлө укугунун тарыхына көз чаптыра турган болсок, Кыргызстан революцияга чейин кыргыздардын үй-бүлөлүк никелик мамилелери шариаттын нормаларынын жана салттын шарттарынын негизинде жөнгө салынып келген. Мисалга айтсак салттык шарттарда никеге туруууда тууганчылыкка көңүл бөлгөн эмес. Ошондой эле, бай-манаптардын биринчи аялы байбичеси деп аталып, дагы токол алууга укугу болгон. Ал эми диний көз караштa аялы ыраазы болсо кошумча аял алганга укугу болгондугу бүгүнкү күндө да шариаттын ченемдеринде бар. Бирок биз бир гана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген никени гана таануубуз зарыл. Анда берилген никенин аныктамасын төмөнкүдөй чечмелөөгө болот.

А) Нике – бул эркек менен аялдын биримдиги.

Б) Нике – тараптардын эркин жана толук макулдугу менен түзүлөт

В) Нике – мыйзамда белгиленген тартипте.

Г) Нике – үй-бүлө күтүү максатында түзүлөт.

Д) жубайлардын ортосундагы мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерин жаратат.

Е) Нике – белгиленген мөөнөтү жок түзлөт.

Демек никенин тарыхына жана бүгүнкү күнгө чейин өзгөрүлүүсү жогоруда азырак берилди. Ал эми үй-бүлө мамилелеринин жана ченемдеринин бүгүнкү күнгө чейин өсүп өзгөрүлүп келишин кыргыз тарыхына көз чаптыруу менен аныктоого зарыл.

Кыргыздардын тарыхына көз чаптыра турган болсок, негизинен көчмөн элдерде адат укугу сакталып келип, ал мыйзамдын ролун аткарган. Кыргыздардын байыркы урпактары болгон сактарга токтоло турган болсок, эркек менен аялдар тең укуктуу болгон. Байыркы грек тарыхчы Эллиндин айтууларына кайрылсак, анда «эгер эркек үйлөнгүсү келсе, анда ал ошол кыз менен күрөшүп, утуш керек эле. Эгер кармашууда аял жеңип чыкса анда ал эркек аялдын туткуну болуп калган» - деп эскерет. Усундарда болсо патриархалдык тартиптер сакталган. Үй-бүлөдө эркек биринчи болуп башкарып турган. О.э. левират сакталган. Эгер күйөсү каза болсо, анда аял күйөсүнүн бир туугандарына тийөөгү аргасыз болгон. Анын негизги себептери: 1) бул үй-бүлөнүн кызыкчылыгында болгон, анткени аялдын бүтүндөй себи аларда калган; 2) балдар туугандардын алдында калган; 3) башкаруучу династияларга бул мамлекет аралык дипломатиялык мамилени сактап калуу жолу болгон. Усундарда көп аялдуулук сакталган. Давандыктарда аялдарды урматтап, алардын айткандарын аткарууга эркектер милдеттүү болгон. Бул аялдардын коомдогу жогорку статусу жөнүндө далилдейт [4].

Хунндардын үй-бүлө нике мамилелери патриархалдык мүнөздө болгон. Эркектердин эки жана андан ашык аялдары болгон. Эркектер башка уруунун кыздарына үйлөнүшкөн. Левират салты сакталган.

VI кылымда Энесайдагы кыргыз уруу бирикмелеринен Хягас деп аталган кыргыз мамлекети түзүлгөн. Кыргыздар бай жана жөнөкөй көчмөндөр деп бөлүнүшкөн. Кыргыздар патриархалдык үй-бүлөлөрдө жашап, көп аялдуулук сакталып келген.

Кокон хандыгынын доорунда үй-бүлө мамилелери шариат аркылуу жөнгө салынып анда күйөөсүнө кыянат кылган аялдарды белинен жерге көмүп, ташбаран кылуу менен өлтүрүшкөн. Ошондой эле чачынан аттын куйругуна сүйрөтүп да өлтүрүшкөн. Демек бул шариаттын шарттарына таянуу менен үй-бүлө мамилелери бир тараптуу болгон десек да болот. Ал эми кыргыздардын Орусияга кошулуусу кыргыздардын укуктук мамлекет куруусунда ошонун ичинде үй-бүлө укугунда өтө зор жакшы өзгөрүүгө дуушар болду десек болот. Себеби анда шариаттын талаптарынан айрылып, жаныча укуктардын жана милдеттердин пайда болуусу элдин ан-сезиминде чон алдыга жылууну ачты. Россия Социалисттик Федеративдик Советтик Республика учурунда 1926-жылы нике, үй-бүлө жана асырап алуу мыйзамдарынын Кодексинин негизинде Кыргыз АССРинин нике, үй-бүлө укугу түзүлгөн. Мурунку мыйзамдарга салыштырмалуу көптөгөн өзгөрүүлөр болгон:

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



1. Мыйзам боюнча нике катталып жана иш жүзүндө аны танууга: бирге жашоосу, жалпы чарбаны жүргүзүү, үчүнчү адамдардын алдында кат алмашуу аркылуу жубайлык мамилелерди көрсөтүү, материалдык жактан колдоо көрсөтүүсү, бирдикте балдарды тарбиялоо керек болгон;

2. Никеге турганга чейин жубайлардын мүлктөрүнүн айрым болушу жана никеге тургандан кийин бирдиктүү мүлктү түзүүсү;

3. Кыздарга никеге 16 эмес 18 жаштан туруусу; Кыргызстанда 1929-ж. 17 жаштан;

4. Кыргыз аялдары толук тең укуктуулукка ээ болушу;

5. Мурун мыйзамдарда каралбаган балдарды асырап алуу укугу берилген;

6. Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк жөнүндөгү маселелер калыпка салынган [5].

Кыргыз АССРинде төмнкүү үй-бүлөлүк иштер кылмыш жоопкерчилиги болуп эсептелген:

1. Калың төлөө жана калың алуу;
2. Эки аялдуулук жана көп аялдуулук;
3. Аялдарды зордук менен күйөгө берүү жана жашы толо электер менен никеге туруу;

Кыргыз АССРинин нике жана үй-бүлө укуктары 1926-жылы РСФСРдин нике, үй-бүлө, асырап алуу кодекстеринин негизинде жүргүзүлгөн. Кодекс боюнча никеге чейинки жана никеден кийинки үй-бүлөнүн мүчөлүрүнүн жалпы менчиги такталган. Аялдардын никеге туруу жашы 16 жаштан 18 жашка өзгөртүлгөн. КАССРинде 1929-жылы 17 жаштан болгон. Жубайлардын жеке жана менчик укуктары, милдеттери жөнүндө (фамилиясы, менчиги, алименттери, милдеттери ж.б.) кошумча өзгөртүүлөрдү киргизген. Ошондой эле бала багып алуу (1918-жылы ал жөнүндө айтылган эмес), камкорчулук жана көзөмөлчүлүк маселелерин караган кодекстер болгон. Аялдардын укуктарына чоң көңүл коюлган.

Үй-бүлө укуктары тармагында республиканын мыйзам актылары жарандык никелерди, асырап алууларды ж.б. каттоо жөнүндөгү маселелерди караган. Кыргызстандын территориясында нике жөнүндөгү жана РСФСРдин үй-бүлө жана асырап алуу мыйзам Кодекстери иштеген. 1945-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Кенешинин Президиуму бул Кодекске өзгөртүүлөрдү киргизген. 1-ар бир Нике катталууга тийиш, анткени катталган никеде гана жубайлар укуктарга ээ болот. Никесиз төрөлгөн балага карата энеси сотко доо менен кайрылып, атасынын таануусун жана баланы багууга алимент төлөп берүүсүн талап кылып кое алган эмес. 2-Жарандык абалдын актыларын каттоого туруу тартиби бекитилген. Ага карата турак жайына карата арыз ЖААКга же сельсоветке тапшырылган. Арыздын негизинде жарандык абалдын актыларын каттоо бөлүмүнүн жетекчиси же сельсоветтин катчысы жаштар менен макулдашып, нике туруунун күнүн жана саатын тактаган.

Көп маани ата-энеси жок балдарды асырап алууга жана **патронатка** берилген. Балдарды багып алуу өз ыктыяры менен жүргүзүлгөн. Патрионатка балдар 5 айынан 14 жашына чейинкилер атайын түзүлгөн келишим боюнча берилген. Келишимдин бир тарабында багууга каалоо жасаган ата-эне, экинчи тарабында элге билим берүү же саламаттыкты сактоо бөлүмү турган. Саламаттыкты сактоо бөлүмү баланын өсүү жана тарбиялоо шарттарын көзөмөлдөөгө тийиш болгон. Жашы толо элек балдарды коргоо максатында асырап алуу (опека) түзүлгөн. Эгер баланын атасы да, энеси да каза болсо, сөзсүз асырап алуу жүргүзүлгөн. Бирок кээ бир учурларда алар тирүү мезгилинде да асырап алуу жүргүзүлгөн. Мисалы: 1) ата-энеси ата-энелик укуктарынан ажыратылганда; 2) ата-энеси узак убакыт ичинде балдарды тарбиялабай калышса (эркинен ажыратылып же узак мөөнөттүү командировкаларда болсо); 3) ата-энеси акыл эси оорукчан болсо. Асырап алгандар баланын тарбиясына, ден соолугуна, дене жактан өсүшүнү кам көрүүгө зарыл болушкан. Кам көрүү алуу бала 14 жашка чыкканга чейин болгон. Кийин көзөмөлдөө бойго жеткенге чейин улантылган. Багып алуу жаш балдар жашы толо электерге карата жөргүзүлгөн [6].

Кыргызстан мамлекеттик көз карандысыздыкты алып, өз алдынча эгемендүү мамлекет болгондо үй-бүлө укугу да өзгөрүүгө учурады. Анда Нике жана үй-бүлө кодексинин ордуна Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодекси ишке кирип, анда Кыргыз менталитетине жараша мыйзамдар менен толукталды. Мисалы, мурунку мыйзамдарда жубайлардын никесин бузууда бала сөзсүз эне менен калуусу зарыл болсо, кийин жубайлардын баланын коомдо дене жана руханий жактан жакшы инсан катары өсүп жетилишине, адепахлактуу тарбиялоого дарамети жеткен тарапка берилүүсү каралган. Ошондой эле бүгүнкү күндөгү үй-бүлө мыйзамдуулугундагы талаптардан болгон жашы жетпеген балдарды тарбиялоонун формалары, кароосуз калган балдарды жайгаштыруунун формаларында да өзгөчөлөнүп, араккечтерге жана бангизаттарды колдонгондорго эле баланы асырап алууга тыюу салынбастан кумарпоздорго жана жашы 60тан ашкандарга да баланы асыроого тыюу салынары аныкталган.

Бүгүнкү үй-бүлө мыйзамдуулугу мамлекетибиз дүйнө аренасында жаш мамлекет болуусу менен

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тайсалдап тургандай эле ал да алсырап тургандай. Себебинде бир катар талаптар бузулган учурлар кездешет. Мисалы, кыргыз жубайлары көр оокаттын негизинде өз балдарын же жубайларын таштап чет жактарга иштеп келгени барууга мажбур болуусу себептүү үй-бүлө принциптери жана укуктары жүзөгө ашпай келүүдө. Үй-бүлө бул юридикалык адабияттарда үй-бүлө деп никеден, тууганчылыктан, бала тарбиялоонун ар түрдүү формаларынан келип чыккан бирге чарба жүргүүзүүчү жактардын мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктары менен милдеттери аркылуу байланышуусу аталат. Үй-бүлөдөгү укуктук мамиленин катышуучулары өз милдеттерин жан укуктары билүүсү менен жана аны моралдык жактан туура пайдаланышы аркылуу жөнгө салынышы керек. Үй-бүлөдөгү мамилелерди бир гана мыйзам менен жөнгө салуу кыйын. Ал үчүн сөзсүз ар бир катышуучунун сезимдери, туюулары, жакшы көрүү, жоопкерчилик, кам көрүү сыяктуу сезимдер аркылуу жөнгө салынат. Эми ошол укуктар жана милдеттери толук жүзөгө ашышы бүгүнкү күндө кыйын. Буга жумушсуздуктун айынан тентип кетип аткан ата-эненин балага болгон укуктары жана милдеттеринин аткарылбай жаткандыгы, жубайлардын бири-бирине моралдык жоопкерчилигинин жоктугунан ажырашуулардын санынын өсүүсү, ата-энесинин көзөмөлүнөн ажыраган балдардын көбөйүүсү мисал боло алат деп ойлойм.

Тарыхка көз чаптыргандай үй-бүлө мыйзамдуулугу орус империясына кошулгандан кийин дүркүрөп өнүгүп өскөн, бирок бүгүнкү күндө аксашы элибиздин ой пикирлеринин ар түрдүүлүгүндө. Башкача айтканда кээ бирлери шариат жолунда же салттык жолунда никеге турушуп, аз убакыттан сон никени бузуп атышат. Бирок биздин мыйзам боюнча никени мамлекет качан гана жарандык абалдын актыларын каттоо бөлүмүнөн каттаган учурда гана нике деп таанырын билебиз. Демек, ар бир жаран биздин мамлекет укуктук мамлекет экендигин сезүү менен ал өз укуктарын жана милдеттерин билгенинде жана мамлекетте жумушсуздук жоюлуп, жарандарыбыздын чет мамлекеттерге үй-бүлөсүн таштап иштөөгө мажбурлугу токтогондо үй-бүлө мыйзамдуулугу жана үй-бүлөдөгү укуктук абал жакшырат деп ишенем.

**Адабияттар:**


1. Теория государства и права. - Вып. 1. - М., 1993.
2. Бейшембиев Д., Плоских В. Введение в историю кыргызской государственности. - Б., 1994.
3. Ташболотова А. «Үй-бүлө укугу» окуу-усулдук колдонмо. - Бишкек, 2012. - 15-б.
4. Нурбеков К. История государства и права дореволюционного Кыргызстана. // Учебное пособие. - Ч.1. -Ф., 1964.
5. РСФСРдин нике, үй-бүлө жана асырап алуу мыйзамдарынын Кодекси.
6. Тулкуева В.Т. Үй-бүлө укугу. / Окуу-усулдук курал.- 2013.
7. Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодекси. - 2003-ж.
8. РСФСРдин нике, үй-бүлө жана асырап алуу мыйзамдарынын Кодекси 1926-ж.